**ГИНКОВЕГ**

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ
КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

Пероралдуу колдонуу үчүн эритме

**Курамы:** 1 ампулада төмөнкүлөр камтылат:

*активдүү заттар:*

| | |
|---|---|
| Гинкго Билоба маңызы | 1500 мг |
| Ананас ширесинин концентраты | 545 мг |
| Сандык куурайдын маңызы (Salvia officinalis) | 500 мг |
| Кара күрүчтүн маңызы (Fagopyrum esculentum) | 500 мг |
| Папайядан пюре | 227 мг |
| Долононун маңызы (Crataegus laevigata) | 70 мг |

*көмөкчү заттар:* агаванын сиробу, *суу*

**КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ:** Акыл-эс ишин жакшыртуу, көңүл буруу концентрациясын жогорулатуу, жогорку нерв ишин жана баш мээнин функционалдык активдүүлүгүн комплекстүү нормалдаштыруу.

*Гинкго Билоба* - дүйнөдөгү эң байыркы дарак түрүнүн өкүлү. Изилдөөлөр бир нече активдүү заттарды, алардын ичинен флавоноиддер, флавондор, органикалык кислоталар жана, атап айтканда, белгилүү лактондорду: гинкголиддер жана билобалиддер болгонун аныктаган.

Гинкго Билобанын таасири, сыягы, ушул ар кандай компоненттердин биргелешкен аракетинин натыйжасы болуп эсептелет. Гинкго Билоба эс тутумга жана окуу жөндөмүнө олуттуу таасирин тийгизет, мээдеги кан агымын жакшыртып, натыйжада мээ клеткаларына кычкылтек жана негизги азык заттарын жеткирүүнү жогорулатат. Мээдеги глюкозанын көбөйүшү анын электрдик активдүүлүгүн жана эс тутумун жогорулатат. Мында көрүп алынган маалыматты чечмелөө үчүн зарыл болгон убакытты азайтат. Гинкго Билоба анын антиоксиданттык таасиринен улам салттуу колдонулат, ал клетка капталдарын убакыттын өтүшү менен топтолгон эркин радикалдардан коргойт.

*Ананас* антиоксиданттык касиетке ээ фенол компоненттерин жана С витаминин камтыйт. Ал ошондой эле белоктордун сиңүүсүнө көмөк көрсөтүүчү протеолитикалык фермент бромелаинди камтыйт. Муну эске алганда, ананас салттуу түрдө аш болумдуу заттардын сиңирилишин жеңилдетүү жана сиңирүүнү жакшыртуу үчүн колдонулат.

*Сандык куурай* нерв системасынын иштешине оң таасирин тийгизет, мээнин иштешине түрткү берет, эс тутумду жакшыртат. *Кара күрүчтүн* курамында В1 витамини, магний жана фосфор бар жана мээнин чарчоосун шарттаган стресстен жабыркагандарга сунуш кылынган дан болуп эсептелет. *Папайянын* курамында антиоксиданттык касиетке ээ катехиндер (фенол компоненттери), каротиноиддер жана антиоксиданттык касиеттерге ээ болгон А, С жана Е витаминдери бар. Бул компоненттер клеткалардын картаюусун тездетүүчү эркин радикалдардын пайда болушуна жол бербейт. Мындан тышкары, папайянын курамында протеолитикалык ферменттер, папаинди жана химопапаинди камтыйт, алар белокторду сиңирүүдө маанилүү ролду ойношот, ошондуктан папайя салттуу түрдө аш болумдуу заттардын сиңирилишин жана организмге сиңишин жеңилдетүү үчүн колдонулган.

*Долоно гүлдөрү* гиперозид жана вилексин сыяктуу флавоноиддерге бай. Долоно кан айланууга оң таасири менен белгилүү. Ал мээге кычкылтектин жана тамактандыруучу заттарын келип түшүүсүнө жардам берет, мээнин электрдик активдүүлүгүн жакшыртат. Баш мээни эркин радикалдардан коргой турган антиоксиданттык таасиринен улам, долоно эс тутум көйгөйлөрүндө сунушталат.

**КОЛДОНУУ ЖОЛУ:**

Айнек ампуланы ачуу үчүн ампуланын учтуу учун бир аз кездеме менен ороп, кескин кыймыл менен аны сындырып, андан кийин ампуланын ачык учун суусу бар стаканга багыттап, ампуланын экинчи учун сындырыңыз.

Ампуланын экинчи учун сындыргандан кийин, анын ичиндегисинин бардыгы стаканга эркин куюлат. Гинковег ампуласын ачуу үчүн кескичтин кереги жок. Бир ампуланын ичиндегисин бир стакан суу же жемиш ширеси менен аралаштырууга же аралаштырбай кабыл алууга болот.

Кабыл алуунун алдында ампуланы жакшы чайкоо зарыл. Тамак маалында күнүнө бир жолу 1 ампуладан кабыл алынат. 20 күн бою курсу менен кабыл алуу сунушталат.

**АЗЫКТЫК БААЛУУЛУГУ** 1 ампулада:

| | |
|---|---|
| Белоктор | 0,01 г |
| Майлар | 0,03 г |

| | |
|---|---|
| Углеводдор | 0,36 г |
| Энергетикалык баалуугу | 1,8 ккал / 7,5 кДж |

**КАРШЫ КӨРСӨТМӨ:**
жекече көтөрүмсүздүк;
18 жашка чейинки курак;
Кош бойлуу жана бала эмизген аялдар.

**ӨЗГӨЧӨ КӨРСӨТМӨЛӨР:**
Сунушталган суткалык дозадан ашырууга жана БАКты ар кандай тең салмактуу тамактануунун ордуна колдонууга болбойт.

**САТУУ ШАРТЫ**:
дарыкана тармагы жана адистештирилген дүкөндөр, соода тармагынын бөлүмдөрү аркылуу.

**САКТОО ШАРТЫ:**
Жарык тийбеген жерде 25°С жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**ЧЫГАРУУ ФОРМАСЫ ЖАНА ТАҢГАГЫ:**
Ампулаларда ичүү үчүн эритме 10 мл. 20 ампула кыргыз жана орус тилдеринде колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон тангакта.

**ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ:**
36 ай.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Өндүрүүчү:**
LES TROIS CHENES
ZA La Terre Ronde, 69770
Вильченев, Франция

**МКК ээси:**
VEGAPHARM LLP,
Unit 18, 53 Norman Road,
Greenwich Centre Business Park, SE10 9QF
Лондон, Улуу Британия

**Казакстан Республикасынын аймагында продукциянын (продукттун) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз доолорду кабыл алуучу уюм:**
«Cepheus Medical» (Цефей Медикал) ЖЧШ
Алматы ш., Аль-Фараби пр-тиси, 7,
«Нурлы Тау» ЖК, 5А блогу, 247-кеңсе
тел: +7 (727) 300 69 71, e-mail: cepheusmedical@gmail.com